*УДК 398.1*

*Эдилова М.М. /КЫРГЫЗСТАН/*
*Edilova M.M. /KYRGYZSTAN/*

**КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ МАДАНИЯТЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК АССИМЕТРИЯ: «МАНАС» ЭПОСУНУН МИСАЛЫНДА**

**ГЕНДЕРНАЯ АСИММЕТРИЯ В ТРАДИЦИОННОЙ КУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗОВ: НА ПРИМЕРЕ ЭПОСА «МАНАС»**

**GENDER ASYMMETRY IN THE TRADITIONAL CULTURE OF THE KYRGYZ: ON THE EXAMPLE OF THE EPIC «MANAS»**

**Аннотация.** Макалада кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларындагы гендер маселеси каралып, эркек менен аялдын коомдогу орду, ролу жана жүрүм-турумдары тууралуу маданиятта сенек болуп калыптанып калган жалпы көз караш жана ынанымдар, же гендердик стереотипетер анализге алынат.

**Негизги сөздөр:** элдик оозеки чыгарма, патриархаттык маданият, гендердик теңсиздик, гендердик концепция, гендердик социализация, гендердик теңдик.

**Аннотация.** В статье рассматривается проблема гендера в кыргызской народной литературе и анализируются общие взгляды и убеждения, или гендерные стереотипы, которые сформировались в культуре о месте, роли и поведении мужчин и женщин в обществе.

**Ключевые слова:** народная литература, патриархальная культура, гендерное неравенство, гендерная концепция, гендерная социализация, гендерное равенство.

**Abstract.** The article discusses the problem of gender in the oral folklore of Kyrgyz people, analyzes gender stereotypes about the place, role and behavior of men and women in the patriarchal culture of society.

**Key words:** oral folk art, patriarchy culture, gender inequality, gender concept, gender socialization, gender equality

Кыргыздардын философиялык дүйнөтаанымында онтологиялык, гносеологиялык, этикалык, эстетикалык, аксиологиялык ж.б. маселелер менен катар эле кандайдыр бир деңгээлде *гендердик проблемалар* да арбын кездешет. "Гендер" деген кулакка өөн учураган феномен биздин илимий таанымда кече жакында эле пайда болуп, аялдарга гана эмес, эркектерге да проблемаларды жараткан рынок экономикасына өткөндөн баштап "гендердик концепцияны" жетекчиликке алып, "гендердик саясатты" жүргүзүү зарылдыгына ынана баштадык.

*Гендер* - социалдык жыныс. Англис тилинде социалдык жыныс («gender») жана биологиялык жыныс («sex») ажыратылып айтылат. Социология жана социалдык психология жаатындагы көпчүлүк окумуштуулардын пикири боюнча, *жыныс* биологиялык мүнөздөмөнү билдирип, ага ылайык адамдар «эркектер» жана «аялдар» категорияларына ажыратылса, гендердин негизинде социалдык жана социалдык - психологиялык атрибуттар жатат, ага ылайык адамдар «эркектик» («мужской») жана «аялдык» («женский») категорияларга жиктелет.

Гендер - социалдаштыруунун продуктусу, ал эми жыныс эволюциянын натыйжасы. «Гендер» түшүнүгүнүн маңызы, социалдык моделдештирүү же конструкциялоо идеясында жатат. Коомдо белгилүү бир ролдорду аткарууну талап кылган жүрүм-турум нормаларынын системасы калыптанат да, ага ылайык ал коомдо «эркектик» жана «аялдык» деген жөнүндө пикирдин катуу тартиби пайда болот.

Эркектин жана аялдын жүрүм-туруму, маскулиндик жана феминдик манера, кыймыл-аракет, речь ж.б. гендердик конструкт болуп эсептелет, алардын негизинде «чыныгы эркекке» жана «чыныгы аялга» таандык мүнөздөмөлөрдөн социалдык күтүүлөр жатат. Гендер биологиялык эмес социалдык - маданий фактор аркылуу аныкталып, тарыхтын жана маданияттын контекстинде өз маани - маңызын өзгөртүп турат.

Дүйнөдөгү, анын ичинде Кыргызстандагы социалдык-философиялык мазмундагы эмгектерди илимий-теориялык анализдөө көрсөткөндөй, көпчүлүк маданияттарда «эркектик» (мужское») дух жана логос, активдүүлүк жана күч, рационалдуулук жана жарыктык, толуктук жана форма менен идентификацияланат, салыштырылат, окшоштурулат. «Аялдык» («женское») материя, хаос жана табият, пассивдүүлүк жана чабалдык, эмоционалдуулук жана караңгылык, боштук жана бейформалык (формасыздык) менен дал келтирилет, ассоциацияланат. Гендердик мындай система коом тарабынан конструкцияланган жыныстык өзгөчөлүк боюнча теңсиздиктин системасы болуп саналат. Ал боюнча эркектерге артыкчылык берилип, алардын ролу жана максаттары аялдардыкынан маанилүү эсептелинет, аялдарга, тескерисинче, экинчи орун берилет. Бул гендердик асимметрия дээрлик бардык коомдо убакыт өткөн сайын социалдык нормалар алмашканына карабай өзгөрүүсүз калууда.

Эркек менен аялдын коомдогу орду, ролу жана жүрүм-турумдары тууралуу маданиятта сенек болуп калыптанып калган жалпы көз караш жана ынанымдар, же гендердик стереотипттер кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларында да чагылдырылган[1].

Элдик оозеки чыгармалар функциясы жана аткаруу мүнөзү боюнча *лирикалык, эпикалык, дидактикалык* деген түрлөргө бөлүнөт[2]. *Лирикалык түргө* кирген *арман ырларын* гендердик анализге алып көрөлү. Окумуштуулар арман ырларын социалдык жана табигый кырсыктардан пайда болгон армандар деп ажыратып, социалдык мазмундагы армандарга койчунун арманы, жокчулук, аялдар теңсиздиги, баласыздык кирет дешет. Ал эми табигый кырсык арманы кеселдик, карылык, өлүм тууралуу жана тарыхый ырлардан турат деп эсептешет[3]. Социалдык мазмундагы арман ырларынын эң кеңири тараганы аялдар теңсиздигине арналганы. Ага эки шарт негиз болгон: биринчиси- кыргыз турмушунда феодалдык-патриархалдык салттын үйлөнүүгө байланышкан жөрөлгө-тартиптеринин узак мезгил бою сакталып келиши, экинчиси-социалдык теңсиздик[4].

Кыргыздарда үй-бүлө куруу маселеси боюнча жаштардын жеке пикири, каалоо-талабы дээрлик эске алынган эмес, мындай патриархаттык маданиятка жооп берген бел куда, бешик куда, левират[5], сарорат[6] сымал салттар жашап келген. Коомдо калыптанган мындай салттар аялзатынын суицидге чейин барышына («Олжобай менен Кишимжан» эпосу, «Ак Саткын менен Кулмырза» элдик поэма) себеп болгон. Айрым учурда каралуу калган аялды күйөөсүнүн ашы-жыты берилгенден кийин, «кырк-отуздагы жесир катынды өлгөн кишинин туугандарынын 10-12 жашар балдарына деле нике кыя коюшчу. Кээде эри өлгөн жаш келинди 60-70 теги абышкаларга да алып беришип»[7], кемсинтүүлөргө, зордук-зомбулукка чейин барышкан. Айрым окумуштуулардын пикири боюнча, өз учурунда кыргыздар жетим калган балдар үчүн ушундай жагдайларга барышкан[8]. Гендердик теңсиздиктин дагы бир түрү-жаш кыздардын улгайган адамдарга зайып, а түгүл токол болушу. «Колунда дүнүйөсү барлар кедейлердин жаш, сулуу, акылдуу кыздарын

[1]Эдилова М.М. Гендер философиясы.Б., 2017.-52-57-бб.
[2]Уикипедия ачык энциклопедиясы
[3]Кар.:Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. 1 том .Бишкек. 2004. 159-191-бб.
[4]Ошондо эле. 166-б.
[5]**Левира́т** (лат. levir - кайын ага, кайын ини) - париархалдык- уруулук өнүгүүдөгү көп элдерге таандык нике салты, ага ылайык тул аялды өлгөн күйөөсүнүн бир туугандарына никелешет.
[6]**Сорорат** (лат. soror – эже, сиңди) - жесир эркектин өлгөн аялынын бир туугандарына (кайын эжесине же балдызына) үйлөнүү салты.
[7]Кыргыздар. Түзгөн К.Жусупов. Бишкек. 1993. 541-б.
[8]Кар.: Б.Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. 1-2 китеп. Бишкек.1996 ж.б.

байлыктын, бийликтин ырайымсыз күчүнө салып, улгайган жашына, карыган чагына, үй-бүлөлүк шартына карабай, аялдыкка, токолдукка зордуктап алышкан...»[9]. Карыган кишиге күйөөгө тийип психологиялык зомбулукка туш болгон кыздар көбүнчө күндөшүнөн да моралдык, социалдык-экономикалык, физикалык (уруп-согуу), үй-бүлөлүк кемсинтүүгө туш болгон.

«Бар десеңер барармын,
Байбиче көзүн карармын,...
Абысынга күң болуп,
Ардансам өлүп калармын...»[10].

Аялдар теңсиздигинин дагы бир түрү – кыз баланын буюм ордуна барымтага берилиши. Мындай гендердик теңсиздик көрүнүшүнө «Анжиянга берген кыздын арманы», «Насыяга берген кыздын арманы», «Алыска кеткен кыздын арманы» сыяктуу көптөгөн арман ырлары күбө боло алат. Мисалы, «Өз элден алыс ажырап, өткөн күн курусун андагы» -деп зарлаган Айсарынын арманы төмөндөгүдөй:

...Кадимки бейиш болсо да
Канткенде сенден кем көрөм.
Ата журат конуш Арчалым,
Арманым айтып чарчадым[11].

Жогоруда аталган гендердик теңсиздиктер аялдарга гана таасир этпестен, күчтүү, проблемасыз деп эсептелген эркектерде да көйгөй жараткан. Каалаган жары Ак Мөөрдүн Жантай чалга кетишинен Болоттун арманы, социалдык теңсиздиктен колунда жок кедей жигиттердин калың берип үйлөнө албаганы эркектерди оор психологиялык кырдаалга дуушар кылган. Демек гендердик стереотиптер аялдын да, эркектин да жашоо образына тескери таасир эткен десек болот.

Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгынын туу чокусу «Манас» болуп эсептелет. «Манас» эпосу кыргыз элинин азаттык, адилет, бейкут жашоо тууралуу ой жүгүртүүсү жана аны практикага ашырганы тууралуу көркөм чыгарма. Үчилтик чыгарманын 1-бөлүгү бытыранды кыргыз урууларын бириктирген Манас баатырдын Бээжинге жасаган чоң казатта эр жүрөк баатырлары Алмамбет, Чубак, Сыргак, Эр Көкчөнүн өлүшү жана Манастын өзүнүн да катуу жарадар болушу менен аяктайт. Үчилтиктин 2-бөлүгүндө өз аталарынын эрдиктерин кайталап, чет жердик баскынчыларды талкалаган Семетей жана анын шериктеринин турмуш жолу менен эрдиктери баяндалат. Үчилтиктин 3-бөлүгү «Семетейде» элдин ынтымагын бузган ички душмандарга каршы күрөшүү жана адилеттикти орнотуу сүрөттөлөт. Кыргыз элинин баатырдыгын, социалдык –маданий мамилелерин, жашоо образын мифологиялык формада чагылдарган «Эр Төштүк», «Кожожаш» «Эр Табылды», «Курманбек» «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй» сыяктуу кенже эпостор да бар.

Аталган эпостордо, негизинен аял менен эркек ортосунда теңчилик, жубайлар ортосунда демократиялык-эгалитардык мамиле болгону байкалат. Көрпаяндын Бакайды, Каныкейдин Манасты жактырганы, Айчүрөктүн Семетейге, Күлайымдын Төштүккө, Зулайканын Кожожашка өз каалоосу менен баш кошкону, анан өмүр бою зайыптарынын баатыр жубайларына ар дайым, ар кандай шартта жөлөк болгону ж.б. жагдайлар буга мисал боло алат[12].

Албетте, элдик оозеки чыгармаларда аял менен эркектин коомдогу орду, ролу тууралуу гендердик стереотиптер да кездешет. Мисалы Манастын төрөлүшүндө Чыйырды өзүн репродукциялык функциясы аяктаган аял эсептеп, Бакдөөлөттү сиңди эмес, күндөш катары кабылдап, токолдук функциясын аткарышын талап кылган[13].

Анткени, тарыхый фактылар күбөлөгөндөй, совет заманына чейин (азыркы учурда деле) кыргыздарда төрөбөгөн аял аң сезимдүү түрдө эле күйөөсүнө экинчи аял алуусун сунуштаган. Көпчүлүк учурларда өзү тандап, төрөй турган жана анын сөзүн уга турган кандидатурага токтогон. Улуу аял-байбиче кичүү аял-токолдун балдарын тарбиялоого көмөктөшкөн. Балдар болсо ага

[9]Танаев Т. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар. 1-китеп,-Ош, 1998.-72-б.
[10]Гүлсүндүн арманы. Айткан Аратбаев Ж., Жыйнаган Элебаева Г. 1947-ж., Ош районду.-КЖФ.инв.# 104.
[11]Алмазбеков К. Айсары. Эненин арманы. Түзгөн Токомбаева А. , Кебекова Б.-Ф., 1967. 244-б.
[12]«Манас» энциклопедиясы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995. 1-т.
[13] «Манас» эпосундагы бала баалуулугу: гендердик аспекттери // «Манас» эпосу жана кыргыз элинин дүйнөтаанымы. Бишкек. 2015. 26-32-бб.

өз энесиндей мамиле жасашкан, муну менен байбиче үй-бүлөдө жана жамаатта өз статусун сактап, бактылуу карылыгын камсыздаган[14].

Эпос жаралган заманда (кээде азыр да) төрөбөгөн аялды күйөөсү, туугандары, тегеректеги жамаат басмырлап, ага «куубаш аял», «согончогу канабаган аял» ж.б. деген стигма (кара так белги) койгон. Бакдөөлөттүн «мен да сендей туубас болот окшойм» деген жообуна байбиче Чыйырды өтө ызыланат, арданат... Жетинчи күнү таңга маал Манас төрөлөт. Чыйырды «Эркек бекен, кыз бекен, мага качан айтат?» -деп жашын тыйбайт. Анткени патриархаттык маданиятка ылайык кыргыздар кыз балага караганда уулга артыкчылык берип, эреже катары уулдуу болууну самашкан. Аны биз Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт үчөөнүн түшүнөн да байкасак болот[15]. Акбалта «Арстаным Жакып сүйүнчү, карыганда байбиче кабылан тапты, сүйүнчү!» -дегенде бир калта алтын, үйүрдөн тандап тогузду ал дейт да, айылды көздөй жөнөйт. Болукшуп баланы алып отурган байбичесинен Жакып баланы алып, бетинен сүйөт. Бай Жакып ошол жылы бешик той берет. Көпчүлүк ат кое албай турганда, элдин жанында думана пайда болуп, Манас деп ат коет.

Аял менен эркектин коомдогу орду, ролу кандай болуу керектиги, б.а. гендердик маселе кыргыздардын макал-лакаптарында да арбын кездешет. Анткени эл өзү жаратып, атадан балага, укумдан-тукумга таратып, жаш муундардын акыл-эсин өстүрүүдө, көркөм эстетикалык табитин калыптандырууда макал-лакаптардын ролу зор[16].

Азыркы учурда макал-лакаптар жыйнагы өтө эле көп. Биз КР УИАнын Манастаануу жана көркөм маданият улуттук борбору тарабынан даярдалган “Эл адабияты сериясынын 40 томдугунун” 10-томунда жыйналган макал-лакаптарды гендердик анализге алып, төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келдик[17]:

Чыгыштын башка элдериндей эле, кыргыздардын макал-лакаптарында патриархаттык маданиятка ылайык аялдарга караганда эркекке маани берилет. Мисалы: *жакшы кыз-жакадагы кундуз, жакшы жигит көктөгү жылдыз; алганың жакшы болсо, жакаң агарат, алганың жаман болсо сакалың агарат; алган эри жарашса, кара катын ак болот; катын эрди карайт, эр жерди карайт; жакшы уул-атадан, жаман уул-батадан; жакшы уул элине баш болот, жаман уул элине кас болот; уулсуз ата-канаты кыркылган куш; уулу жоктун мууну жок, кою жоктун -куну жок ж.б.*

Айрым бир макал-лакаптарда аялды теңсинбөө, басынтуу да байкалат. Мисалы: *Баланы-жашынан, катынды –башынан; катындын чачы узун, акылы кыска; эр сыйлаган катын эшикте олтурбайт; эркектин жаманы-катындын экинчи кудайы; катын бийликке жетсе азынат; катынга бийлик тийсе, теңирин тааныбайт; катындын кесири –эрге, эрдики –элге; катын өлсө, камчы сап сынган менен тең ж.б.*

Ошондой эле кыргыздарда аял менен эркекти бирдей, тең караган, ал гана эмес аялдын коомдогу ролу зор экенин туюнткан макал-лакаптар да арбын кездешет. Мисалы: *тең теңин тапса, деңиздей чалкып жашайт; аялды ашынан тааны; аялдын азабы көп, түйшүгү түмөн; аялсыз үй суусуз тегирмен менен тең; аял -үйдүн куту, аял-үйдүн туткасы; аял эрдин жарым өмүрү; жакшы аял жаман эрди эр кылат ж.б.у.с.*[18].

Адамзат тарыхында аял менен эркек ортосунда теңчилик орнотуу максатында бир катар теория, парадигма жана концепциялар жаратылып, аларды жүзөгө ашыруу үчүн аракеттер көрүлгөн.

Алардын негизгилери *феминизм, аялдар маселеси* жана *гендердик концепция.* СССРде жана анын курамындагы Советтик Кыргызстанда феминизм “аялдар маселеси” аттуу теория жана практика аркылуу жүзөгө ашырылган.

Феминизмдин радикалдык агымы патриархаттык коомдо аялдарды басынтуунун социалдык- маданий факторлорун аныктап, андан кутулуу үчүн аң-сезимде революция

---

[14]Участие мужчин в охране репродуктивного здоровья. Б.: ЮНФПА. 2003.-35-б.
[15] МАНАС: Кыргыздардын баатырдык эпосу: Үчилтиктин биринчи бөлүгү. –Б., 2007. 19-24-бб.
[16]Уикипедия ачык энциклопедиясы

[16]«Эл адабияты» сериясы. 10-том. Макал-лакаптар.- Бишкек., 2001.
[18]Ошондо эле. 79-б.

болушун, б.а. чечкиндүү интеллектуалдык аракетти сунуштаган[19]. Демек, феминизм гендер теориясынын башаты болгон.

Кыргызстан суверендүү, өз алдынча мамлекет деп жарыяланганына чейрек кылымдан ашты. Бул убакыт ичинде тоталитардык-административдик система либералдык-демократиялык система менен алмашылып, жабык коом ордуна ачык коом курула баштады. Кыргызстан демократиялык жолго түшүп, граждандык коом, укуктук мамлекет түптөлүп жатат десек болот. Ошону менен бирге эле Кыргызстан глобализация процессине камтылып, коомдук өнүгүүнүн ар кыл теория, концепция жана парадигмалары да биздин өлкөнүн барлыгынан (бытиесинен) орун алууда. Чындыгында эле гендер концепциясы салыштырмалуу жаш концепция, ал батыш феминизминин негизинде пайда болуп, аялдардын теңсиздигин феминизм базасында түшүндүрө албаган изилдөөчүлөрдүн ийгиликсиз аракеттери акырындык менен гендердик теориянын пайда болушуна алып келген. СССРде, анын ичинде Кыргызстанда, феминизм башкача өнүккөн. Ал *«аялдар маселеси»* деп аталып, аялдардын коомдогу жана үй-бүлөдөгү абалына, ролуна байланышкан өзгөчө проблемалар менен алектенген.

Эркек менен аялдын жүрүм-туруму жөнүндө маданиятта калыптанып калган мындай көз караштар гендердик стереотиптер деп аталат. Гендердик стереотиптер маданият, диний жана бейдиний (светтик) каада-салттар, көркөм адабият, искусство, массалык маалымат каражаттары, аркылуу калыптандырылат,да, муундан - муунга өтүп, гендердик теңчиликке жетишүүгө кедерги болуп турат. Белгилей кетчү нерсе, биздин бир катар социологиялык изилдөөлөр жана эмпирикалык байкоолор көрсөткөндөй, демократиялык, граждандык коомду курууга далалаттанып жаткан азыркы кыргыз коомунда да гендердик стереотиптер арбын (Участие мужчин в планировании семьи и охране репродуктивного здоровья.Б.2003, Внедрение гендерных подходов: социальные и экономические издержки и выгоды .Б.2003, Гендерные и поведенческие факторы, способствуюшие уязвимости женшин к ВИЧ/СПИДу.Б.2003, Гендерные стереотипы современной культуры и традиционной практики кыргызов//Гендерная школа в Кыргызстане.Б.2003 ж.б.).

Ал стереотиптер аялдарга гана эмес, эркектерге да толук кандуу, нормалдуу жашоого, өз максаттарын жүзөгө ашырып, өзүн-өзү реализациялоого кедерги болууда. Анткени Кыргызстандагы азыркы рынок экономикасы шартында гендердик идея боюнча эркектерге ыйгарылган айрым бир ролдорду («тыштагы ишти аткаруучу», «табышкер» ж.б.) аялдар да жаман эмес аткарып, эркектер коомдук эмгекке катышпай жумушсуз калганын, үй тиричилиги менен чектелгенин психологиялык жактан өтө оор көтөрүп, айрымдары депрессияга дуушар болуп, суицидге чейин барганын статистика маалыматтары тастыктап жатат (Женшины и мужчины Кыргызской Республики. Сборник гендерно-разделенной статистики. Б.,2016).

Ошондуктан гендердик стереотиптерди жоюу, гендердик теңчиликке жетишүү үчүн ишке ашырылып жаткан бардык мамлекеттик программа жана стратегияларда эркектер менен аялдардын кызыкчылыктары жана тажрыйбасы бирдей эске алынышы керек. Мында массалык маалымат каражаттары чоң роль ойнойт. Анткени массалык маалымат каражаттары «чыныгы эркек» жана «чыныгы аял» тууралуу материалдарды жарыялоо аркылуу гендердик нормаларды бекемдөөгө же бузууга салым кошушу мүмкүн. Ошондой эле жаштарды гендердик социализациялоодо салт, үрп-адат жана маданияттын мааниси да зор.

Ошентип, гендер маселесин комплексттүү кароо зарыл. Комплексттүү өңүт же гендердик өңүт - бул мамлекеттик баардык программа жана стратегияларда аялдардын да, эркектердин да кызыкчылыктарын эске алуу болуп эсептелет. Гендердик өңүт дүйнөгө, коомдогу өз ролуңа, башка адамдар менен болгон мамилелериңе карата башкача көз карашты калыптандырат, натыйжада дүйнөгө көз караштa олуттуу өзгөрүүлөр болот, граждандык активдүү позиция калыптанат, акыр аягында, коомдук аң сезим өзгөрөт.

[19] Кар.: Бовуар С. Де. Второй пол. Этика подлинного существования: пер. с фр.под общ. ред.С.Айвазовой.-СПб. 2014.- С.96.

**Список использованной литературы:**

1. Участие мужчин в охране репродуктивного здоровья. Б.: ЮНФПА. 2003.-35-б.
2. МАНАС: Кыргыздардын баатырдык эпосу: Үчилтиктин биринчи бөлүгү. –Б., 2007. 19-24-бб.
3. Уикипедия ачык энциклопедиясы «Эл адабияты» сериясы. 10-том. Макал-лакаптар.-Бишкек., 2001.
4. Кар.: Бовуар С. Де. Второй пол. Этика подлинного существования: пер. с фр.под общ. ред.С.Айвазовой.-СПб. 2014.- С.96.
5. Алмазбеков К. Айсары. Эненин арманы. Түзгөн Токомбаева А., Кебекова Б.-Ф., 1967. 244-б.
6. «Манас» энциклопедиясы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995. 1-т.
7. «Манас» эпосундагы бала баалуулугу: гендердик аспекттери // «Манас» эпосу жана кыргыз элинин дүйнөтаанымы. Бишкек. 2015. 26-32-бб.